1. Элжан К. У., Габитов Т. Х. «Человек-мир» в контексте национальной идеи казахов // Материалы международной научно-практической конференции (Алматы, 27 мая 2011 г.). - Алматы, 2011. 139–151-бб.
2. Гердер И. Г. Идеи к философии истории человечества. - М.,1977. 252-б.
3. Моисеев, Н. Н. Избранные труды. В 2-х томах. Т. 2. Междисциплинарные исследования глобальных проблем. Публицистика и общественные проблемы. - М.: Тайдекс Ко, 2003. - 264 б.
4. Бромлей Ю. В. Очерки теории этноса. - М., 1983. 212–232-бб.
5. Мангасарян В. Н. Экологическая культура общества. - СПб.,2009. –112 б.
6. Маркарян Э.С. О значении междисциплинарного обсуждения проблем культурной традиции // Советская этнография. 1981.- №3. 59-71-бб.

**Рецензент: филос.и.к., профессор Козубаев О**

УДК: 101.316.48
DOI 10.33514/1694-7851-2020-3-74-79

**Качкынова Аида Турдубековна**
Ж.Баласагын атындагы КМУнун философия, маданияттын теориясы жана тарыхы кафедрасынын ага окутуучусу
**Качкынова Аида Турдубековна**
старший преподаватель КНУ им.Ж.Баласагына кафедры философии, теории и истории культуры
**Kachkynova Aida Turdubekovna**
Kyrgyz National university named after Zh. Balasagyn department of philosophy, theory and history of culture
**e–mail:** kachkynova.aida@mail.ru

# КОНФЛИКТ МАСЕЛЕСИНИН ТАРЫХЫЙ-ФИЛОСОФИЯЛЫК ЧЕНЕМИ
# ИСТОРИКО-ФИЛОСОФСКИЕ НОРМЫ КОНФЛИКТА
# THE CONFLICT HAS HISTORICAL AND PHILOSOPHICAL DIMENSION OF THE PROBLEM

**Аннотация:** Социалдык конфликтер коомдук мамилелердин түзүлүшүндө өзгөчө орунду ээлейт жана жеке инсандын, жалпы коомдун жашоо ишмердүүлүгүнүн бардык жагына маанилүү таасирин тийгизет. Аталган макалада ааламдашуу шартындагы социалдык конфликттердин коомдогу орду каралып, философиялык ойлордун маанисин ачып, анализ жүргүзүлөт.

**Ачкыч сөздөр:** Ааламдашуу, социалдык конфликтер, конфликт концепциялары, позициялар, конфликтин булактары, конфликтин өбөлгөлөрү, трансформация.

**Аннотация:** Социальные конфликты занимают особое место в структуре общественных отношений и оказывают существенное влияние на все стороны жизни человека и общества в целом. В данной статье рассматривается роль социальных конфликтов в обществе в условиях глобализации, анализируется и раскрывается значение философских идей.

**Ключевые слова:** глобализация, социальные конфликты, концепции конфликта, позиции, источники конфликта, предпосылки конфликта, трансформация.

**Annotation:** Social conflicts occupy a significant place in the structure of social relations and have a significant impact on all aspects of life, as a separate individual, and society as a whole. This article examines the role of social conflicts in a society in the context of globalization, gives philosophical reflection and analysis.

**Key words:** Globalization, social conflicts, concepts of conflict, positions, sources of conflict, the prerequisites for conflict, transformation.

Каралып жаткан маселенин актуалдуулугу көптөгөн себептер менен шартталат: алардын эң биринчи категориясы болуп, азыркы учурдагы коомчулукта болуп жаткан жогорку деңгээлдеги конфликттүү коомдук процесстерди айтууга болот. Өзгөчө ааламдашуунун таасири менен дүйнөлүк аренада, коомдун бардык чөйрөлөрү динамикалуу түрдө өзгөрүүгө дуушар болуп жаткандыгы изилдөөнүн негизи боло алат. Бул өзгөрүүлөр түздөн-түз социалдык конфликттердин жаңылануусуна таасирин тийгизбей койбойт.

Конфликт (латынчадан conflictus - кагылышуу) – карама-каршылыктарды билдирүүнүн бир түрү, өз ара карым-катнаштагы белгилүү бир кишинин карама-каршы тенденцияларынын, максаттарынын, ниеттеринин, ой пикирлеринин, баалуулуктарынын жана көз караштарынын кагылышуусу.

Акыркы жүз, өзгөчө он жылдыктагы конфликттердин динамикасы менен көп варианттуулугу социалдык мезгил, адамдардын жашоосунун тез өзгөрүүсү менен жогорулады десек болот. Адам менен коомдун күн санап өсүп жаткан социодинамикалык байланышы менен адамдын турмуштук карым-катнаштарынын мейкиндиктик жана коммуникациялык кенейүүсү болууда. Өзүнүн ишмердүүлүк, жекелик инсандык баарлашуунун ар тараптуу формаларынын процессинде ал көптөгөн социалдык топтор менен байланышта болот. Аскер илимдеринин, искусство таануунун, тарыхтын, математиканын, саясат, укук таануунун, психологиянын, социобиологиянын, социологиянын, экономиканын алкагындагы илимий иштеп чыгуулар эреже катары, чачыранды-прикладдык мүнөзгө ээ болушуп, конфликттердин табиятын эмес, алардын жеке көрүнүштөрүн изилдешкен [5].

Жогоруда белгилеп кеткендей адамзат чөйрөсүндөгү конфликтин жаратылышын изилдөө бүгүнкү күндүн эле маселеси эместигин, ушул учурга чейин сакталып, окулуп келген философтордун эмгектеринен таасын (Гераклит, Сократ, Платон ж.б.) көрө алабыз. Бул каралып жаткан маселенин болумушун чечмелөөдө философиянын тарыхына көз чаптырсак улуу ойчулдардын ар бири бул маселени аттап өтпөгөндүгүн жана бул маселе, байыртадан эле философиялык талдоого алынганын байкоого болот.

Философиянын тарыхында баарыбызга белгилүү болгондой б.з.ч. VII-VIкк. Кытай ойчулдары бул маселенин маңызын дайыма карама-каршы күрөштө болуп, бардык өнүгүүгө дуушар болуп турган активдүү башталгыч (янь) жана пассивдүү башталгыч (инь) –деп материяны белгилешкен. Андан тышкары улуу ойчул, кытай философу Конфуций 551-479 б.з.ч.– карама-каршылык бул табигый көрүнүш, ар бир өнүгүүнүн чегине жеткенде өзүнүн каршылашына айлануу сапатына ээ. Карама-кашылыктардын бул сапаты нерселердин кыймылындагы закон ченемдүү көрүнүш, ал түбөлүк жаралуу жана жок болуу процессине ээ деген оюн айткан.

Философияда карама-каршылык концепциясы диалектиканын пайда болуусу менен өнүгүүгө дуушар боло баштайт. Философиянын тарыхында биринчилерден болуп карама-

каршылык концепциясын карама-каршылыктардын күрөшү деген ой менен бекемдеп, өнүктүргөн грек ойчулу Гераклит кыймылдын себебин ачууга аракет кылган, ал айтат, «нерселердин жана кубулуштардын кыймылы карама-каршылыктардын күрөшүнөн пайда болгон зарыл жана закон ченемдүү процесс. Бардык нерсе зарылчылыктан жана күрөш аркылуу келип чыгат». Ошондой эле анын ою боюнча «согуш жана аны менен байланышкан каршылыктар, конфликттер коомдук өнүгүүгө таасир эткен табигый жана позитивдүү фактор».

Ошондой эле, ошол замандын улуу ойчулдары Платондун, Аристотельдин эмгектеринде конфликт маселеси көп каралгандыгын айтсак болот. Платон (427-347 б.з.ч.) эң биринчилерден болуп диалектикага «идеал» деген түшүнүктү киргизген, бул теориясынын негизинде конфликт көрүнүшү жок идеалдуу мамлекетти түзүү, бул мамлекетте адилеттүүлүк, калыстык өкүм сүрүү эң негизги мыйзам катары кабыл алынган. Платон айтат – «реалдуу дүйнө – кем дүйнө, баш аламандык, адилетсиздик, мамлекеттеги жаңжал, чатак, коогалаңга, пикир келишпестике, ички жана тышкы душмандык мамилелерге алып келет, ошондуктан ушул көрүнүштөр жок болгон идеалдуу мамлекетке, коомго умтулуу керек» экендигин белгилеген.

Ал эми Аристотель (384-322 б.з.ч.) «Политика» деген эмгегинде эң мыкты мамлекетти чагылдырган, калктын негизги бөлүгүн байлар менен кедейлердин ортосунда турган ортоңку катмардагы атуулдар түзөт. Мамлекеттеги төңкөрүштөрдүн, конфликттердин, карама-каршылыктардын, пикир келишпестиктердин себептери коомдогу тең укуксуздук, теңсиздик. Мамлекеттеги бай кедейге бөлүнүүчүлүк көрүнүшү бар болсо, анда мындай мамлекетте сөзсүз түрдө конфликт маселесин көрүүгө болот. Аристотель конфликтин келип чыгуу себебин гана изилдебестен, чечүү жолдоруна да көңүл бурган, буга мисал эң мыкты мамлекетти түзүү проектиси боло алат. Өткөн учурдун ойчулдары жашоодогу «адилеттүү» жана «адилетсиз» деген критерийлерди аныктоого аракет кылышкан [7].

Каралып жаткан маселеге кызыктар болгон Фома Аквинский согуш жана зомбулук көрүнүштөрү ар дайым күнөө болуп эсептелет деген көз караштын үстүндө иштеген. Ал эми Эразм Роттердамский «согуш таттуу, аны билбегендер үчүн» деген көз карашты айткан. Конфликт өлкөдөгү жаңы элдин катмарын акырындык менен каптап, өзүнүн таасирин тийгизүүгө жөндөмдүү. Согуштун себеби көпчүлүк учурда башкаруучулардын карөзгөй мүнөздөрүнүн кесепетинен келип чыгат деп белгилеген. «Карапайым элди эзип, тынчтыгын бузуп, эл согуш абалына аралашканда өзүлөрүнүн күчтүүлүгүн сезишет жана учурдан пайдаланып абалды андан да курчутууга умтулушат» [1] – дейт.

Мамлекеттик кызматкер Никколо Макиавелли коомдук конфликттерге системалык анализ жүргүзүүгө аракет кылган. Анын концепциясынын баалуулугу коомдогу конфликттердин бардыгы кыйроонун себеби боло албайт деп белгилеген, конфликтин терс көрүнүшүн жоюу үчүн мамлекеттин деңгээлинде туура иш алып барыш керек деп эсептеген. Себеби, конфликттик кырдаал мамлекеттин бүтүндүгү көп баскычтуу жана ар дайымкы кызматташуулардан көз каранды.

Ушундай ойдун тегерегинде Фрэнсис Бэкон өлкөнүн ичиндеги коомдук конфликттердин себебин анализдөөдө кызыктуу ойду жараткан. Аларга бир мисал: «калктын жакырланган материалдык жашоо шарты эң негизги оорунду ээлейт. Мамлекет башкаруучулардын туура эмес мамилеси, башкаруудагы саясий катачылыктар, каралоочу ушактардын тарашы конфликтин пайда болушуна түрткү берет» [7]-деген.

Демек, мындан улам, адамдын эркиндиги ага жаратуучу болууга мүмкүндүк берет, бирок ал эрктик умтулуу, каалоолор аркылуу кыймылга келген индивиддердин кагылышуусуна алып келет, б.а. конфликттердин пайда болуусунун себеби болуп эсептелет. Конфликт – пикир келишпестиктин бирден-бир формасы жана ошол эле мезгилде каршылышкан эки тарапты бириктирүүчү социалдаштыруучу күч. Конфликттин булагы болуп адамга төрөлгөндөн эле таандык агрессивдүүлүк, «касташуу сезими», алгачкы муктаждык эсептелет деген ой туулат.

Берилген көз карашты психологиялык өңүттө кийинки илимий аныктаманын жардамы менен чечмелөөгө болот: конфликт – бул субъектилердин максаттарындагы, кызыкчылыктарындагы, позицияларындагы, ойлорундагы же көз караштарындагы карым-катнаштардын ар тараптуу багытталган кагылышууларынын курч формасын аныктайт. Коомдогу ар түрдүү делген конфликттерди ар бир инсандын ошол оор кырдаалды кабыл алуусу, анын психологиялык туруктуулугунан көз каранды деп айтсак болот.

Бул ойду Зиммельдин айткан көз карашы менен бекемдөөнү оң деп таптык: адам өзүмчүл жандык деген пикирде болушкан Шопенгауэр менен Ницшенин пикирине Зиммель да кошулган. Бирок конфликт, Зиммелдин пикири боюнча нукура физиологиялык себептерге эле таандык эмес, анткени агрессивдүүлүк социалдык формаларда гана бериле алат, же адам жийиркенерлик жаныбар эле эмес, социалдашуунун элементи да катары каралат. Г. Зиммель: конфликттин маанисин баса белгилөө менен ал дихотомдук моделди дагы, соңку натыйжасы болуп жашап жаткан социалдык түзүлүштү кыйратуу эсептелген концепцияны дагы кабыл алган эмес. Анын божомолунда, конфликт социалдык туруктуулука карата позитивдүү функцияларга ээ болуп, болгон топтор менен жалпылыктарды колдоону жөнгө салат. Ал социалдык конфликтти «талаш-тартыш» деп атап, аны психологиялык жактан шартталган көрүнүш жана социалдашуунун бирден-бир формасы катары эсептеген көз карашы изилдөөбүзгө салымын кошот деген ойдобуз, себеби, конфликт – бул тараптардын өздөрүнүн пикири боюнча, дал келбеген кызыкчылыктары же максаттары бар эки же көп тараптын ортосундагы мамилелер. Көптөр «конфликт» терминин негативдүү деп эсептешет, бирок аны саясий жана социалдык турмуштун демейдеги аспектиси катары кабыл алган жакшы деген ой жогорудагы ойчулдардын басымдуу бөлүгүнүн пикирлеринин натыйжасында автордун ушундай жыйынтыкка келүүсүнө түрткү болот.

Анткени, көбүнчө изилдөөчүлөр конфликтин социалдык аспектисине көңүл бурушат, алардын пикири боюнча конфликтин катышуучулары коомдук күчтөр гана боло алышат, б.а. адамдар. Мисалы: Е.М. Бабасовдун аныктамасы боюнча коомдук конфликт (латынчадан conflictus-кагылышуу) ар кандай коомдук топтордун, улуттардын, мамлекеттердин, коомдук институттардын ж.б. көз караштарынын, максаттарынын, позицияларынын, өнүгүү тенденцияларынын айырмачылыктарынан келип чыккан кагылышууларынын курчушу» [6].

Демек, социалдык конфликт - бул ачык карама-каршылык, социалдык бирдиктүү иш-аракеттердин эки же андан көп субъекттеринин (тараптарынын) кагылышуусу, алардын себеби катары бири-бирине шайкеш келбеген муктаждыктар, кызыкчылыктар менен баалуулуктар боло алат деген көз караштар көптөгөн изилдөөчүлөрдүн негизги оюн түзөөрү белгилүү болууда.

Ошондой эле кээ бир чет элдик окумуштуулардын ою боюнча, мисалы, Льюис Козер социалдык конфликтке баалуулуктар жана белгилүү бир даражага, бийликке жана чектелген

ресурстарга жетүү үчүн болгон күрөш; мында, кагылышып жаткан тараптардын максаты өздөрү каалаган нерсеге жетүү гана эмес, ошондой эле атаандаштарын жок кылуу, аларга зыян келтирүү да болуп саналат деп аныктама берген [3]. Мындай кагылышуулар айрым бир кишилердин ортосунда да, бир канча топтордун, тайпалардын ортосунда да болушу ыктымал. Жогоруда сөз кылынган кагылышуу жөнүндөгү аныктама конфликтологиядагы кеңири тараган аныктамалардын бири болуп эсептелинет. Бул берилген аныктама, жогорудагы биздин ойду бекемдейт.

Англиялык социолог Э. Гиденс Конфликтти күрөштүн эмнеден башталганына, кагылышуу учурунда тараптар кандай ыкмалар менен каражаттарды колдоно тургандыгына карабастан, инсандар же тайпалардын ортосунда болуп жаткан чыныгы күрөш катары баалаган [4].

Кандайдыр бир деңгээлде Гиденстин оюн туура деп айтууга да болот, анткени - жашоо үчүн күрөш – бул адамзат жашоосун өнүгүүгө дуушар кылат, көпчүлук учурда бул көрүнүш жаратылышынан жаныбарларга таандык дегенибиз менен адам баласына да тиешелүү жашоо образ экендигин практика көрсөтүүдө. Жашоо үчүн күрөш (тамак-аш менен камсыз болуу, башка бирөөлөргө үстөмдүк кылуу, территория ж.б.) коркуу, жек көрүү, кыжырдануу сезимдери менен коштолуп, куралдуу согушка, анын ичинен диний ж.б. конфликтин түрлөрүнө алып келет.

Конфликтердин мааниси, маңызы, түрү, мүнөзү тышкы шарттардын таасири астында өзгөрбөйт, каршылаш субъетилердин баалуулук ориентациясы жана мотивдик чөйрөсүнүн трансформацияланышынын негизинде өзгөрүүгө дуушар болот деген ойду айтууга болот. Конфликттердин класстарга, түрлөргө бөлүнүшү тигил же бул кагылышуулардын мазмунун аныктоого шарт түзөт.

Конфликттин түзүмү ар башка авторлор тарабынан ар кандайча аныкталганы менен, андагы конфликтик кырдаал, катышуучулардын позициясы, обьект, «инцидент», конфликтин өнүгүшү жана чечилиши негизги элементтер катары бардык авторлордун изилдөөсүндө камтылган. Конфликтин тибине жараша бул элементтер өзүн ар башкача көрсөтүшөт. Ар кандай конфликт терс мааниге ээ болот деген көз караш атайын жүргүзүлгөн изилдөөлөрдө жокко чыгарылган. Конфликт боюнча көрүнүктүү теориячы М.Дойчтун эмгектеринде конфликт деструктивдик жана продуктивдик болуп эки түргө бөлүнөт.

Деструктивдик конфликт өз ара мамилени бузат: көбүнчө конфликт аны жараткан себепке көз каранды болбой өнүгүп кетет, инсандын иш аракетине өтүп кетип, адамдарга стресстерди жаратат. Ал өнүгүш өзгөчөлөгүнө ээ болот. Катышуучулардын саны көбөйүп, каршылашуунун сапаты күчөп, алдын-ала эле өнөктөшүнө каршы чыгуусу ынанымда болуп, каршылаш адамдан туура эмес (жалган) сапаттарды кабыл алуу күчөй баштайт. Мындай конфликтти чечүү, жоюу, алдын алуу өтө кыйынга турат.

Ал эми продуктивдүү конфликт инсандардын шайкешсиздигинен, батышпоочулугунан эмес, адамдардын бир маселеге, нерсеге ар башка көз караште карагандыгынан, аны ар башкача чечүү жолун тандагандыгынан келип чыгат. Мындай учурда конфликт маселени ар тараптан түшүнүү башка көз караштьы коргогон өнөктөштүн мотивацияларынын калыптанышына алып келет. Ал «легитимдүү» катары кабыл алынат. Башка аргументгердин бар экендигин моюнга алуу конфликт ичинде биригүүнүн, өз ара аракеттенүүнүн элементтерин жаратып, достук маанайды пайда кылат. Конфликти жөнгө салууга, жаңыча чечүүгө жол ачылат.

Демек, конфликт - бул адамдардын кызыкчылыктарынын, пикирлеринин, идеалдарынын, каалоолорунун ж.б. карама-каршылыгынан пайда болуучу жана өз ара мамиледен көрүнүүчү социалдык-психологиялык терс кубулуш болуп эсептелет. Психология конфликтти коомдогу жагымсыз көрүнүштөрдүн бири катары эсептеп, өз ара аракеттенүүнүн өзгөчө формасы жана субьектилердин карама-каршы тенденцияга ээ болгон аракеттеринин көрүнүшү катары карайт. Конфликттерди психологиялык жактан изилдөө өзгөчөлүгү бир эле учурда чыр-чатак кырдаалын жана анын чыр чатактын катышуучуларынын аң-сезиминде чагылышын талдоого алат. Ушунун негизинде конфликттердин жалпы теориялык маселелерин талдоого, анын табиятын психологиялык феномен катары түшүнүүгө мүмкүндүк берет. Чындыгында конфликт психологиялык карама-каршылыктардын формасы (карама-каршылыктардын аң-сезимде көрүнүшү), же бул сөзсүз түрдө чыр-чатактуу аракеттердин да болушун көрсөтөт. Ар кандай конфликтгердин татаалдыгын жана көп кырдуулугун сыпаттоо конфликттин ажырагыс белгилери болуп саналат деген жыйынтыкка алып келет [2].

Коомдогу конфликттин социалдык табиятын жана маани-маңызын изилдөөнү жыйынтыктап айтканда, социалдык-саясий конфликтти натый- жалуу жөнгө салуу үчүн биринчи кезекте анын кандай мүнөздө, кандай формада өтүп жатканын, өнүгүү динамикасын терең изилдөө керек.

Натыйжада, социалдык-философиялык позиция - коомдук конфликттерди коомдук карама-каршылыктардын өнүгүү стадиясы катары кабыл алат. Башкача айтканда, конфликтсиз коом болбойт. Конфликт карама-каршылыктардын жогорку формасы катары каралууга мүмкүндүк алат. Демек, социалдык конфликттер эки жактуу мүнөздү алып жүрөт: бир жагынан алар, коомдук системанын бузулушуна, алып келип, ресурстардын олуттуу негизсиз сарптоого дуушар кылса, экинчи жагынан тигил же бул субъекттердин ортосундагы мамилелердин жакшырышына, мамилелердин жаңылануусуна, коомдук бытиедеги социалдык-саясий тең салмактуулуктун калыптанышына шарт түзүп берүүчү механизм боло алат. Башкача айтканда, конфликт белгилүү бир шарттарда коомдук системаларга деструктивдүү гана эмес, конструктивдүү дагы кырдаалды алып жүрүүчү коомдук байланыштардын формасы катары да аныкталат.

**Колдонулган адабияттар:**

1. Армстронг К. История Бога. 4000 лет исканий в иудаизме, христианстве и исламе. М.: 2008
2. Кильмашкина Т. Н. Конфликтология. Социальные конфликты : учебное пособие для вузов / Т. Н. Кильмашкина. - М. : ЮНИТИ, 2004
3. Козер Л. Функции социального конфликта. – М., 2000
4. Курбатов В.И. Конфликтология: Уч.пособие. – Ростов-на-Дону: Феникс, 2005.
5. Растов Ю.Е., Трофимова Р.А. Конфликтология: Учебно-методическое пособие. – Барнаул, 1995
6. Социологический словарь. Минск, 1991
7. Султанбеков К.Ч. Конфликтология. Теория и практика разрешения. Бишкек-2006

**Рецензент: к.филос.н., доцент Кадыркулова Ж.К.**